Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевнанын **«Адабият окуу курсунда эпосторду окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”)»** аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

# ПИКИР

Кыргызстандын билим жана тарбия берүү тармагынын мазмуну соңку учурда улуттук нарктарга көбүрөөк көңүл бурулуп, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо элдик табылгалардын ролу чоң экендигине басым жасалууда.

Учурда коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык көрөңгөсү билим жана тарбия берүүгө байланыштуу болгондуктан, кыргыз элинин баланы тарбиялоодогу бир канча иш аракетин ата бабалар калтырган баалуу мурастар, б.а. элдик эпосторду караганыбызда анда баланы атуулдукка тарбиялоодо мыкты идеялардын камтылгандыгын көрүүгө болот.

Изденүүчү изилдөө ишинде элдик эпостор боюнча филологиялык аспектиде бир топ изилдөөлөр болгондугун, ошондой эле *этнопедагогикалык мазмундагы изилдөөлөрдү да* методологиялык негиз катары карап, изилдөөсүндө пайдалангандыгын белгилеп өтөт.

Орто мектептерде “Эр Төштүк” жана “Эр Табылды” эпосторун окутууга түздөн-түз багытталган атайын изилдөөнүн жоктугу, аталган эпосторду кыргыз адабиятын окутууга коюлуп жаткан заманбап талаптарга ылайык окутуунун методикасын илимий негизде атайын иштеп чыгуунун өзү диссертант Г.Абдыкадырованын диссертациялык ишинин актуалдуулугун далилдейт.

Изденүүчүнүн диссертациялык иши 171 беттен туруп, негизги 3 бапты, киришүү, жалпы жыйынтыкты жана адабияттардын тизмесин камтыйт.

**Биринчи бап** «Кыргыз орто мектептеринин адабият окуу курсунда кенже эпосторду окутуунун теориялык-методологиялык негиздери» деп аталып, анда «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосторун мектепте окутуунун тарыхы, өзгөчөлүктөрү жана азыркы учурдагы абалы, кенже эпосторду адабият окуу курсунда үйрөтүүнүн методологиялык жана дидактикалык негиздери каралган.

Диссертант Г.К.Абдыкадырова «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун окутууда фольклордук чыгармалардын төмөнкүдөй баалуулуктарына, коомдук-руханий функцияларына өзгөчө басым коюу керектигин белгилеп өтөт:

Топтолуучу баалуулугу, б.а. окуучу ал чыгармаларды окуп-үйрөнүү менен элдин тарыхый басып өткөн жолу, каармандыктары менен таанышат.

Байланыштык (коммуникациялык) баалуулугу, б.а., муундар менен муундарды, доорлор менен доорлорду байланыштырат, алардын пикирлешүүсүн, диалогун уюштурат.

Эстетикалык-көркөмдүк баалуулугу, б.а. жаш муундарды табиятты жана адамды, көркөм чыгарманы сүйүүгө, эстетикалык табитин өстүрүүгө, турмуштагы жакшылык менен жамандыктын күрөшүнө күбө болуп, өзүнүн аң сезимин калыптандырат.

Таанып-билүүчүлүк баалуулугу, б.а., элдин жашоо образын, байыркы кыргыздардын салттарын, үрп-адаттарын, ишенимдерин, көркөм өнөрүн өздөштүрөт.

Сактоо баалуулугу, б.а. жогорудагы чыгармаларды окуп-үйрөнүү процессинде окуучулар тарыхый жана социалдык тажрыйбаны муундан-муунга берүү менен өздөрү да кандайдыр бир даражада ошол чыгармаларды сактоочу жана кийинкилерге өткөрүп берүүчү функциясын аткарат.

Ошондой эле «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» кенже эпосторун мектепте окутууда төмөнкүдөй *дидактикалык принциптер жана талаптар* эске алынууга тийиш экендигине да токтолуп өткөн:

- жөнөкөйдөн – татаалга;
- табигыйлык;
- илимийлүүлүк;
- аң-сезимдүүлүк, акыл-эстүүлүк;
- теория менен практиканын карым-катышта болушу;
- жеткиликтүүлүк;
- көрсөтмөлүүлүк;
- ырааттуулук (системалуулук);
- алган билимдин чындыгы, бышыктыгы;
- топтук жана жекелик мамиле;
- тарыхыйлык;
- гумандуулук.

Мындай дидактикалык принциптерди окутуу процессинде ишке ашыруу үчүн адабият мугалимине төмөнкүдөй *талаптар* коюлат:

- кенже эпосторду алардын ар биринин жанрдык, тектик, түрдүк белгилерине карап дифференцирлеп окутуу менен гана күткөн натыйжага жетишүүгө болот;
- окуу китептериндеги сунуш кылынган тексттер окуучулардын «Эр Табылды» жана «Эр Төштүк» боюнча ала турган маалыматтарын толук камтый албайт, андыктан мугалим чыгарманы толук окутуп чыгууга жетишүүсү керек;
- мугалим тарабынан кенже эпостордун окуу хрестоматиясында берилгенден тышкары кошумча окуу үчүн сунуш кылган тексттер (үзүндүлөрү) окуучулардын курактык өзгөчөлүгүнө ылайык келип, алардын психологиясына, кызыгууларына таасир этиши керек;

- «Эр Табылды» жана «Эр Төштүк» эпосторун мектепте окуучуларга үйрөтүүнүн алдынан мугалим бул процесстин тарыхый жолун, кыргыз адабиятын окутуу методикасындагы эволюциясын жана азыркы окуу программаларындагы, окуу китептериндеги абалына анализ жүргүзүп, алардын оң жана терс жактарынан жыйынтык чыгарышы керек;
- элдик кенже эпосторду терең өздөштүрүү үчүн окуучу менен мугалимдердин ишмердүүлүгү адабий-теориялык талдоолорду жүргүзүүгө, көркөм тексттерди тарых, адеп, кыргыз тили, сүрөт, музыка ж.б. сабактар менен интеграциялоого багытталышы зарыл;
- «Эр Табылды» жана «Эр Төштүк» эпосторун үйрөтүү процесси мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын эске алуу, алардын табылгаларын сабактарда ыктуу колдонуу жана азыркы учурдагы заманбап окутуу технологияларын пайдалануу менен өз майнабын берет;
- элдик эпикалык мурастарды окутуу азыркы окуучуларды кыргыз элинин байыркы учурдагы моралдык-нравалык түшүнүктөрү, мифологиялык, философиялык, коомдук көз караштары менен тааныштыргандыктан аларды азыркы адамдардын этикалык-эстетикалык жүрүш-турушу менен салыштырууга шарт түзөт.

О.э. диссертант VI–VII класстарда «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторунан үзүндүлөрдү окутууда педагогикалык-психологиялык негиздерин төмөнкүдөй аныктоого болорун белгилеп өтөт:

- чыгармачылык;
- эстетикалык табит;
- көркөм-педагогикалык чыгармачылык;
- көркөм-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк;
- көркөм-конструктивдүү ишмердүүлүк;
- көркөм-коммуникативдик ишмердүүлүк;
- методикалык ишмердүүлүк (методисттик);

- психологиялык-педагогикалык ишмердүүлүк;
- социалдык-психологиялык ишмердүүлүк.

**Экинчи бап** «Адабият окуу курсунда кенже эпосторду («Эр Төштүк», «Эр Табылды») окутуунун методикасы» деп аталып, анда жогорудагы эпосторду үйрөтүүдө текстти адабий-теориялык талдоо жумуштарынын мазмуну жана технологиялары, көркөм образдарды анализдөөнүн ыкмалары жана жолдору, аталган чыгармаларды үйрөнүү процессинде окуучулардын этномаданий, этнолингвистикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык негиздери иштелип чыккан.

Диссертант Г.Абдыкадырова «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун адабий-теориялык талдоонун мазмунун жана технологияларын көрсөтүү менен эпосторду окутууда көңүл бурулуучу методикалык ыкмалар жалпы эле эпикалык чыгармаларды окууда колдонулган методдор менен байланышарын далилдөө менен аларды төмөнкүдөй берип өтөт:

- эпостун тексттерин толук окуу;
- башкы каармандын окуянын жүрүшүндөгү кыймыл-аракетине байкоо салып баруу;
- образдардын эволюциялык иш-аракетин талдоо жана ага баа берүү;
- үзүндүлөрдү сахналаштыруу;
- текстти ролдоштуруп окуу;
- тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзүү;
- чыгармадагы диалогдорду, монологдорду талдоо;
- тексттеги адам мүнөзүн ачып көрсөткөн баяндоолорду табуу;
- башка каарман менен каршы күрөшкөн душмандардын образын ачкан сүрөттөөлөр менен иштөө;
- жаныбарларды сүрөттөгөн эпизоддорду талдоо;
- пейзаждык сүрөттөөлөрдү байкоо;
- окуучуларга чыгарманын сюжетин айтып берүү жана аны кайра айттыруу;

- текsттин негизинде жазуу иштерин жүргүзүү.
- «Эр Төштүк» эпосун ушул эле эпостун негизинде жазылган Ж.Садыковдун «Эр Төштүк» пьесасынын негизинде коюлган спектаклдин диски жана мультфильм менен таанышуу, аларды салыштыруу ж.б.

Ошондой эле «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосун айтуучулар боюнча таблицага алардын чыгармачылыгына баа берген пикирлер, эскерүүлөр топтолгон *(караңыз тиркеме №1)*.

Бул таблицалар менен иштөөдө автор колдонгон методикалык ыкмалар төмөнкүдөй мазмунда жана багытта жүргүзүлгөн:

- айтуучулардын өмүр баянындагы урунттуу учурлар;
- элдик кенже эпосту кимден (же кимдерден) үйрөнгөн, алар таалим алган устаттар;
- айтуучунун айтуучулук өзгөчөлүктөрү;
- айтуучунун өмүр баянын окуучуларга жеткирүү үчүн интернет материалдарын пайдалануу;
- айтуучулардын сүрөтүн, айтуу учурундагы манераларын, кыймыл-аракетин (С.Каралаев тууралуу «Манасчы», «Бакайдын жайыты», «Манас, Манас болгону», «Манастап» ураан чакырып...») ж.б. фильмдерден үзүндү көрсөтүү. ж.б.

Диссертант Г.Абдыкадырова сабактын бул бөлүгүнөн окуучулар кыргыз этномаданиятындагы айтуучу, анын таланты, эл турмушундагы айтуучулардын ролу, улуттук маданияттын байлыктарын элден алып элге жеткирүүдөгү алардын функциясы жөнүндө маалыматтарга ээ болорун белгилеп өтөт.

**Үчүнчү бап «VI-VII класстарда кенже эпосторду окутуу боюнча педагогикалык эксперименттин уюштурулушу жана анын натыйжалары»** деп аталып, анда жалпы педагогикалык-психологиялык

эксперимент жүргүзүү алдынан төмөнкүдөй максат-милдеттер коюлган:

- Окуучулар элдик кенже эпостор менен чоң эпостордун айырмасын канчалык билет, алардын негизги өзгөчөлүгү эмнеде?
- XI класстын бүтүрүүчүлөрү VI класста окушкан «Эр Төштүк», VII класста окушкан «Эр Табылды» эпостору тууралуу кандай маалыматтарды унутушкан жана кандай маалыматтар алардын эсинде калган?
- VI класстын окуучулары «Эр Төштүк» эпосун окуганга чейин жана окугандан кийин VII класстын окуучулары «Эр Табылды» эпосун окуганга чейин жана окугандан кийин чыгарманы өздөштүрүү боюнча кандай маалыматтарга жана компетенттүүлүккө ээ болду?
- Кыргыз адабияты предметин окуткан мугалимдер фольклорду, анын ичинде элдик кенже эпосторду окутуу боюнча дүйнөлүк деңгээлде жүргүзүлүп жаткан инновациялык процесстер менен канчалык тааныш?
- Элдик кенже эпосторду окутуу боюнча илимий адабияттардын мугалимдердин кабыл алуусу жана өз иш тажрыйбаларында аларды колдонулуш деңгээли.
- Кыргыз адабияты мугалимдеринин элдик кенже эпосторду окутуу боюнча компетенттүүлүгү.
- Элдик кенже эпосторду окутуу процессине кедерги болгон көрүнүштөр ж.б.

«Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун окутуу боюнча педагогикалык эксперимент жүргүзүүнүн максаты, жүрүшү жана алардын жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылып, аларга ылайык практикалык сунуштар берилген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- “Эр Төштүк” жана “Эр Табылды” эпосторун окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздеринин аныкталышы;

- аталган эпосторду окутуунун заманбап методикасынын иштелип чыгышы;
- "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутууда окуучулардын этномаданий жана этнолингвистикалык компететтүүлүктөрүн калыптандыруунун ык-жолдорунун аныкталышы;
- алынган натыйжалардын эксперименттин текшерүү аркылуу далилдениши менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

1. "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпостору боюнча буга чейин окутуунун илимий-методикалык багытын көздөп, аталган эпосторду адабий-эстетикалык билим берүү проблемасын көтөргөн бир да эмгек болбогондугу;
2. Аталган эпосторду окутуунун заманбап методикасынын иштелип чыгышы;
3. "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутууда окуучулардын этномаданий жана этнолингвистикалык компететтүүлүктөрүн калыптандыруунун ык-жолдорунун аныкталышы;
4. "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутууда илимий жактан такталган теориялык жана методикалык системанын иштелип чыккандыгы;
5. Аталган эпосторду окутуу аркылуу тарбиялоо процессинин мыйзам-ченемдүүлүктөрү көрсөтүлгөндүгү;

**Ал эми диссертациялык иштин практикалык мааниси тууралуу төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:**

1-ден, диссертациянын материалдары орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун сапатын өркүндөтүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет.

2-ден, "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпостору боюнча кыргыз адабиятын окутуу программасы менен окуу китептеринин мазмунун байытууга жардам берет.

3-дөн практик мугалимдердин сабактарында, "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутуу боюнча университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иштерди жазууда пайдаланылат.

**Диссертант тарабынан практикада пайдалануу үчүн бул сунуштар айтылган:**

- "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутууда тексттен алынган үзүндүлөрдү окуучулардын үн чыгарып, көркөм окууларына, мазмунун өз сөздөрү менен айтып берүү көндүмдөрүн калыптандырууга артыкчылыктуу маани берүү;
- аталган эпосторду кыргыз элинин тарыхы, табият таануу боюнча түшүнүктөрү, баатырдык-каармандык, атуулдук идеялдары, максаттары, руханий баалуулуктары жөнүндөгү ой-кыялдары, тыянактары менен байланышта, карым-катышта окутуп-үйрөтүүгө багытталуусу; .
- эпостордун тексттери менен окуучуларды тааныштырууга аракет жасоо, сабактан тышкаркы иштерде, жазуу жумуштарында ж.б.эпостор боюнча иш-чараларды такай уюштурулуусу зарыл.

**Негизги жоболордун жана тыянактардын жарыяланышы да талапка ылайык келет.** Г.К. Абдыкадырованын диссертациялык ишине байланыштуу 15 илимий-методикалык макаласы жарыкка чыккан. Аларда диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары тастыкталган.

**Диссертацияда кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү жана ишке карата сунуштарды белгилеймин:**

1. Иштин 2-бабында "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун окутуп-үйрөтүүнүн методикасы тууралуу сөз болгон. Ушул жерде изденүүчү

“Эр Табылды”)” аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферата Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10-пунктунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Абдыкадырова Г.К. аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий оппонент:
педагогика илимдеринин доктору, доцент Мусаева В.И.

Педагогика илимдеринин доктору,
доцент В.И.Мусаеванын колун тастыктайм:
И.Арабаев атындагы КМУнун кадрлар
бөлүмүнүн башчысы

И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
Кол тамгасын тастыктаймын
Подпись заверяю

Дата поступления отзыва
в ДС Д 13.18.580
13.09.2018
У. секр. ДС Омурбаева Д.К.

И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети
Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева
Кол тамгасын тастыктаймын
Подпись заверяю